**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**МФТИТ институту**
**ЭТФ кафедрасы**

# 2024- 2025 - окуу жылындагы магистратура бөлүмүнүн ФЕ(м)-1-23 тайпасы боюнча мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын төрагасынын отчету

**Ош- 2025**

**Ош Мамлекеттик Университети**

**Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институту**

**«Эксперименталдык жана теориялык физика» кафедрасы**

**510400 «Физика» магистратура багыты боюнча мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын торагасынын эсеп-кысабы жана анализи**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн Мамлекеттик аттестациясынын жыйынтыгы жөнүндөгү» Жобосуна ылайык жана Ош мамлекеттик университетинин 2020-жылдын 27-апрелиндеги №462/3 сунушунун негизинде, Ош мамлекеттик университетинин магистратура бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрүн аттестациялоо үчүн 2025-жылга жогорудагы адистик боюнча мамлекеттик комиссиянын төмөнкүдөй курамы бекитилген:

1. Касымбеков Султангазы Наргозуевич – Б.Сыдыков атындагы Кыргыз – Өзбек эл аралык университетинин машина таануу жана энергетика кафедрасынын доценти, т.и.к., доцент;

Комиссиянын мүчөлөрү:

2. Сабиров Батырбек Зулумович – УИАнын түштүк бөлүмүнүн А.С. Жаманбаев атындагы "Отун ресурстары жана көмүрдү кайра иштетүү" лабораториясынын башчысы, илим жана техника багытындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты;
3. Ташполотов Ысламидин – ОшМУнун эксперименталдык жана теориялык физика кафедрасынын профессору, ф.-м.и.д.;
4. Садыков Эркинбай – ОшМУнун ЭТФ кафедрасынын доценти, т.и.к., доцент;
5. Орозбаева Айнагүл Асланбековна – ОшМУнун эксперименталдык жана теориялык физика кафедрасынын улук окутуучусу, ф.-м.и.к.

1.«Физика» багытынын окуу пландары жогорку билим берүү боюнча мамлекеттик талапка жооп бере тургандыгын жана окуу планында көрсөтүлгөн бардык предметтердин аткарылгандыгы байкалды. Негизинен бул багыттын лабораториялык базалары жетиштүү экенин белгилеп кетүү зарыл деп эсептейбиз. Студенттердин теориялык жактан алган билими жетишерлик деңгээлде талапка жооп берет. «Физика» багытын «Эксперименталдык жана теориялык физика» кафедрасы тейлеп, 1 профессор, 4 илимдин кандидаты, теориялык жана практикалык сабактарды өтүп келишет. Бул адистик боюнча окуу пландарында көрсөтүлгөндөй өндүрүштүк практикалар «Эксперименталдык жана теориялык физика» кафедрасынын илимий лабораторияларында өткөрүлөт жана алар теориялык алган билимдерин практика менен айкалыштырат.

2. Магистрлер менен иш алып баруу, квалификациялык жумушту даярдоо 2014-2015-окуу жылынан тартып ишке ашырылууда. «Физика» багытынын бүтүрүүчүү магистрлеринин квалификациялык жумуштарынын жыйынтыгын Кыргыз Республикасынын ичиндеги жана эл аралык илимий конференцияларда, симпозиумдарда, университеттин ичиндеги семинарларда апробациялардан өткөрүлүп, илимий баяндамаларын жарыкка басмадан чыгарышып, отчет берип турушат. Анда алар квалификациялык жумуш канча бөлүктөн тураарын жана ар бир бөлүк боюнча кантип маалымат берүү жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Жетекчилер жана консультанттар тарабынан өздүк пландарында көрсөтүлгөн сааттардын өлчөмүнө ылайык, квалификациялык жумуштун бөлүктөрү боюнча өз убагында кеңештер берилип турду.

Квалификациялык жумуштар коргоонун башталышында, мамлекеттик аттестациялык комиссияга магистранттардын окуу программаларын толук аткаргандыгы тууралуу бардык керектүү документтер жана маалыматтар алынып келинди.

Квалификациялык жумуштар коргоого, квалификациялык жумуштун бардык бөлүктөрүн толук аткарган жана жетекчинин, рецензенттин баалоо кагаздарын алышкан бүтүрүүчүлөргө уруксат берилди. Ошондой эле антиплагиатка ар бир магистранттын жумушу текшерилип, оргиналдуулугу эң жогорку пайызды түздү.

«Физика» багыты боюнча мамлекеттик аттестацияны тапшырууга 9 магистрантка буйрук чыгарылып киргизилди. Жыйынтыгында 8 бүтүрүүчү мамлекеттик экзамендерди тапшырууга өз убагында жакшы даярдыктары менен келишкен. Ал эми 1 магистрант турмуш шартына байланыштуу квалификациялык жумушту коргоого келген жок.

510400 «Физика» багыты боюнча магистратура бөлүмүнүн ФЕ(м)-1-23 тайпасында квалификациялык жумушту коргоо, ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору бекиткен окуу процессинин графигине ылайык 2025-жылдын 20-июнь күндөрү ФЕ(м)-1-23 тайпасында болуп өттү.

**510400 "Физика" багыты боюнча магистранттардын квалификациялык жумуштарынын антиплагиаттык көрсөткүчү**

| № | Ф.И.О | Антиплагиаттык көрсөткүчү |
|---|---|---|
| 1 | Бабаева Эльмира Орозбековна | 100% |
| 2 | Махмуд кызы Жаңылай | 100% |
| 3 | Нурбекова Эллада Нурбековна | 100% |
| 4 | Таштанбек кызы Айзирек | 100% |

| | | |
|---|---|---|
| 5 | Темиркулова Жаркынай Акылбековна | 100% |
| 6 | Токтосунова Бегимай Токтосуновна | 100% |
| 7 | Туголбаева Акчолпон Туголбаевна | 100 % |
| 8 | Урустом кызы Арзыкан | 100 % |

Жогорудагы уюштуруу иштеринин бардыгы кафедранын иш-кагаздарынан белгилүү болду.

3. Квалификациялык жумуштардын актуалдуулугу жана практикалык колдонулуштары фундаменталдуу илимдин өнүгүүсүнө чоң салым кошот. Квалификациялык жумуштардын көлөмү жана мааниси боюнча жогорку окуу жайдын үлгүсүнө, квалификациялык жумуштар болгон бардык стандарттык талаптарга жооп бере турган даражада аткарылган. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытында 8 квалификациялык жумуштар кыргыз тилинде жазылган. Ар бир магистр 1ден илимий макалаларды даярдашып жалпы бардык баяндамаларды республикалык жана эл аралык илимий журналдардан басмага чыгарган жана эл аралык, республикалык жана жогорку окуу жайлардагы илимий конферцияларда талкууланып, апробациядан өтүшкөн.

Квалификациялык жумуштарды коргоо ФЕ(м)-1-23 тайпасынын бүтүрүүчүлөрүнө 20-июнь күнү өткөрүлдү. Квалификациялык жумуштарды коргоо убагында МАКтын бардык мүчөлөрү керектүү документтер менен камсыз болушкан жана теориялык, практикалык суроолорду берүү менен өздөрүнүн активдүүлүгүн көрсөтүштү.

Адистик боюнча мамлекеттик экзаменди тапшырууга квалификациялык жумушту коргоого ФЕ(м)-1-23 тайпасынан 8 бүтүрүүчү киргизилди. МАКка кирген бүтүрүүчүлөрдүн натыйжалары төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн:

| | Тайпасы | Маг. саны | Алган баалары | | | | Жалпы жетишүү % | Сапаттык жетишүү, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 5 | 4 | 3 | 2 | | |
| Квалификациялык жумушу | ФЕ(м)-1-23 | 8 | 8 | - | - | - | 100 | 100 |

Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы техникалык жана адистик боюнча дисциплиналардан алган билимдеринин денгээли талапка ылайык. «Физика» багыты боюнча мамлекеттик аттестациялоонун жалпы жыйынтыгы төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн:

| № | Багыты | МАКка киргизилгендер | Анын ичинде экинчи | Бардык предметтер боюнча толук тапшыргандар | Диплом алуучулардын саны | Артыкчылык диплом менен | Предметтер боюнча тапшыргандар | | | | Абсолюттук жетишүү, % | Сапаттык жетишүү, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | 5 | 5,4 | 3 | 2 | | |
| 1 | ФЕ(м)-1-23 | 8 | - | 8 | 8 | | 8 | - | - | - | 100% | 100% |
| Жалпы Жыйынтык. | ФЕ(м)-1-23 | 8 | - | 8 | 8 | | 8 | - | - | - | 100% | 100% |

5. ОшМУнун физика-техникалык факультетинин «Физика» багытынын бүтүрүүчүлөрүнүн теориялык жана практикалык билим денгээли Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү министрлигинин стандарттарынын талаптарына жооп берет.

6. Учурда ОшМУда бул магистрдик багытта быйылкы жылы, б.а. 2024-2025-окуу жылында, 9 жолу бүтүрүп жатышат. Бүгүнкү күндө магистранттарды даярдоо фундаменталдык илимдин өнүгүшүнө салым кошо турган келечек муундардын, эң мыкты адистерден болооруна магистратуралык билим берүү чоң салым кошоору белгилүү. Ошондуктан, Ош мамлекеттик университетинде бул адистиктерди даярдоо улантылып. кафедранын алдындагы илимий лабораториянын материалдык-техникалык базасын заманбап приборлор менен жабдуу зарыл.

7. Сунуштар жана сын-пикирлер.

«Физика» багыты боюнча магистратураны жогорку денгээлге көтөрүү максатында төмөнкүлөрдү сунуштайбыз:

- университетте жогорудагы магистрдик багытта тиешелүү болгон заманбап материалдык-техникалык база менен камсыз кылууну күчөтүү;

-аталган магистрдик багыттагы магистранттардын илимий иш сапарын каржылоону университет тарабынан колдоо жагын карап көрүү керек.

- Экспериментaлдык жана теориялык физика кафедрасы жетектеген 510400 "Физика" магистрдик багыты боюнча магистрлердин даярдыгын "эң жакшы" деп баалоону сунуштаймын.

Мамлекеттик аттестациялык коммиссиясынын отчету Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун окумушуулар кеңешинин 2025-жылынын "___"_____күнкү №__протоколунда каралды.

Б.Сыдыков атындагы Кыргыз – Өзбек эл аралык университетинин машина таануу жана энергетика кафедрасынын доценти, т.и.к., төрага: Касымбеков С.Н.

МФТИТинститутунун директору, ф.-м.и.к., доцент: Азимов Б.А.

Эксперименталдык жана теориялык физика кафедрасынын башчысы ф.-м.и.к., доцент: Осконбаев М.Ч.

МАКтын катчысы, ЭТФ кафедрасынын лаборанты: Турдали к Н.